154

154

айтқан: Ахмет Рахмедеев

"Семетей"

Чынкожо, Толтой, Ажыхандан калган жатышан жери.
1-д.

27 стр. 10/I-1947 г. начато
~~нигин~~ 1430 строк.

ПАПКА
ДЛЯ
БУМАГ

197___ ГОД

...языка, литературы...
Рукопис...
Инв № 154
27 стр. 1979 г.

айткан. А. Рысмендеев.

Сары

1-беб

Охандын охани Акун ханды

Чынгожо менен Толтойдун, Айчүректи тартып

Камап турган жери. Алмын деп,

---

Шыгайдын уулу Чыңгожо
Атышканга ~~тың~~ тың хожо
Тараса жылдыс батканда,
Таң агарып атканда,
Ылдан жылдыс быркырап,
Торгойдун бозары чуркурап,
Таң саргайып болунуп
Жер оңоң тегис корунуп,
Аткан таңдын алдында
Чыккан кундун кийинде
Толукшуган эр хожо
Тоо башына чакырды.
Акылсыган баатырдын
Айткан сөзү мына ушул
Калк баштаган эр хожо
Каары келип тынорду
Кайратына жан турбайт.
Калган шашпай турулоу
Каары кунү жыгылды.
Анын капкорлугу белгилүү
Айбатына жан турбайт.
Астына киши баралбайт.
Ак жолборстой чамынып
Айтканын эки кылабы
Аскер кошун дай даяр
Айчүректи алганы
Алыскан келген калмыкты
Байрак булгап бакырды,
Баатырларды чакырды,
Оң козунон от жанып
Оозунан жалын шаркырап
Бетине пенде турабы,
Берен баатыр хожонун
Айтына кадам турабы
Акыл болчу Чыңхожо
Айтканын эки кылабы

1 беб
36-

Институт языка литературы и истории
Отдел
Инв. № 173 154
Кир. ФАН СССР
1979 г.

байрак

~~Карап~~ Ак булгап бакырды — 2 бет
Баатырларды чакырды
Тоодой даңкан боз мингени,
Эрчиткени төрт миң кул
Хан Толокту чакырды
Ал кезекте Толоктун
Ак сакалы чуштуды
Устуканы илебедей
Ак сакалды жайкаган
Асылга оозун чайкаган
Карыясы хан Толук
Кылган иши бир Толук
Карыясын чакырды
Кара сакал жайкаган
Арака оозун чайкаган
Калчанын уулу Кадырбай
Сен кайдасың мында кел
Бүгүнкү иштин баарын көр
Жедигердин кул жигит
Кубулжуган шум жигит
Жедигердин бир жагын
Билемин деген тың жигит
Сен кайдасың мында кел.
Эр Толтой эми, келсин деп
Эрендерин чакырды
Бул иштин жөнүн көргүн деп
Кадырбайын бакырып
Хан Толукун чакырып
Кул жигит деп айкырып
Эр Толтой деп кыйкырып
Чакырганы төрт киши
Адамзаттан кыдырбей
Кайсы экени билинбей
Жетип келди жаныго
Ошондо ~~Ж~~ Жожо кеп айтат
Уккула баарың деп айтат
Үйлөрдө бекер жаткамбы
Өлтүрчү келген кишим жок
Же буйурчу койгон ~~иш~~ ишим жок
Же үй көбөрчү бээ сойум
Алчу койгон кызым жок
Же сенин алар менен ишиң жок
Намысың жок ыйың жок
Же жуутка берген тоюм жок
Бул эмне кылганың
Эми баатырлар карап турбагын

(2-бет 24-—)

Кара сакал Кадырбай
Учул айткан сөзүмдү
Бохандын каны Акунга
Жанагы элүч болгон чагында
Барып айтып жаңылбай
Беремин десе Чүрөктү
Берем жообун угуп кел
Бербез болсо Чүрөктү
Бербез жообун угуп кел
Акун хандын өзүнө айт
Чакырып алып көзүнө айт.
Айчүрөктү берсин де
Айчүрөктү бербесе
Айтыңар жерге келсин
Кыз Чүрөктү берсин де
Кыз Чүрөктү бербесе
Кырылар жерге келсин де
Эрке кызын берсин де
Эрке кызды бербесе
Эртең өлүмзар жерге келсин де
Айчүрөктү бербесе
Акыркы жообун угуп кел
Он эки кашка он сыңа
Бөөң темир дарбаза
Ойрон кылып өтөм де
Төрдө жаткан Акундун
Төшөктөн башын кесем де
Эритем де муздунду
Эртең тартып алам де
Эр тапкан жургөн кызыңды
Талкалайм де муздунду
Азыр тартып алам де
Тамашалуу кызыңды
Кана карап кылам де
Карарган жаңды кырам де
Хан Акун сага кылам де
Угуңду шыш кылып
Учуп кыз шыш кылып
Кере.геңди кыйратып
Келин кызың ыйлатып
Акун хандын өзүнө айт.
Кара сакал Кадырбай
Учул айткан сөзүмдүн
Барып айтып жаңылбай
Үчүнкөстөн кайтып кел
Айтпай турсаң кайтып кел
Кошо барган жуп окугун
Учу сөздүн Акун гор.
Элине өлүп карап тур
Чын сөзүн айтып мындай деп
Экөөнү айтка мингизди
Күүлөп ошого киргизди
Баатырлыгын билгизип

(3 - бет
53 - ж)

...е берген бул экөө
Үйүнү түшүргөн саламы
Алда эмне кеби бар.
V Акундан кабар алалы
Ал кезекте Акун жан
Ак сакалы куштай
Үстүкапын жыйнайды
Эшик алды чоң дөбө
Эрте чыгып келгени
Эр Аныбай Түлөнбай
Эки жанашы иниси
Кошо чыгып келгени
Бирө Түлкүнүн уулу Түлөнбай:
Бирө Түлөндүн уулу Аныбай
Бирө агасынын баласы
Бирө инисинин баласы
Нардай болгон алтын так
Дуулай турган ушул чак
Дөбөгө чыккан чагында
Эки иниси жанында
Тура берсин бул экөө
Буларды таштап салалы
Жана Чынайдонун элчиси
Кадырбай менен күч жигит
Экөөнөн кабар алалы
Алам салай Кадырбай
Жетип келди бул экөө
Кайсы экени билинбей
Салам айтты Кадырбай:
Алик алды Акун жан
Акун жан жаңы кеп айтпай
Чоочун балдар экен го
Аттарын алчы деп айтпай
Ак сакалдуу карыясы
Балдарга орун жайлады
Эки жакын иниси
Аттарды сарайга байлады
Карыя Акун кеп айтпай
Чоочун балдар экенсиң
Жогору келчи деп айтпай
Төр жагынан Жан Акун
Төрөңүз орун көрсөтүү (4 бет 60-ж.)
Ар жагында Кадырбай
Чет жагында күч жигит
Төмөн жагы Түлөнбай
Бер жагында Аныбай
Ортосунда Жан Акун
Олтурду бүгүн беш киши
Оң жагына бурулуп
Ошондо Акун кеп сурайт
Жол болсун балдар деп сурайт
Кайдан келген балдарсың
Кай сапарга барасың.
Мындан мурда келбеген
Аралап айыл көрбөгөн
Чоочун балдар экенсиң.
Жумушуң болсо айта отур
Байаның кеп сурап
Бир жумушуң айтсын деп
Баштыга Акун кеп салды